**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛАСТЫ**
**КАРА- КУЛЖА РАЙОНУ**

**КЫЗЫЛ-ЖАР АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
*Күйөө-Таш айылы, Тел: (03239) 60192*

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**

**КЫЗЫЛ-ЖАРСКИЙ СЕЛЬСКИЙ КЕНЕШ**
*село. Күйө-Таш , Тел: (03239)60192*

**Депутаттардын Кызыл-Жар айылдык Кеңешинин**
**(VII чакырылышынын) кезектеги 26-сессиясынын жыйынынын**

# ТОКТОМУ № 26/2

**20.12.2023-жыл** **Күйө-Таш айылы**

**Суу менен камсыз кылууну тейлөөгө кошумча жумуштардын тарифтерин жана суу пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн жазалардын (айып пулдардын) өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

Кызыл-Жар айыл аймагынын калкын таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу, ичүүчү суу түтүктөрүн жана кудуктарды талапка ылайык сактоо, ошондой эле суу пайдалануу эрежелерин бузуулардын алдын алуу максатында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кызыл-Жар айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кызыл-Жар айыл аймагы боюнча суу менен камсыз кылууну тейлөөдөгү кошумча жумуштардын бекитилген тарифтери жана суу пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн жазалардын (айып пулдардын) тизмеси №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кызыл-Жар айыл аймагынын Муниципалдык ишканасынын жетекчисине:
- Бекитилген тарифтерди жана айып пулдарды мыйзам чегинде колдонуу жана калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- Суу түтүктөрүнө уруксатсыз туташууларды жана эреже бузууларды өз убагында аныктап, тиешелүү актыларды түзүү милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлгөн жана расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кызыл-Жар айылдык кеңешинин төрагасы** ________________ **Д. Зарипбеков**

Айылдык кеңештин сессиясынын чечими менен
«22» декабрь 2023-жылы бекитилди Кызыл-Жар
айылдык кеңешинин № 26/2 токтомуна
№1 тиркеме

**Суу менен камсыз кылууну тейлөөгө кошумча жумуштардын бекитилген тарифи жана суу пайдалануу эрежелерин бузгандыгы үчүн жазалар (айып пулдар)**

| № | Бузуулардын аталышы | Саны | Жазалардын суммасы (сом) | Тариф (сом) | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбордук суу түтүгүнө уруксатсыз туташуу | 1 | 1000 | 0 | |
| 2 | Суу кудугуна уруксатсыз туташуу | 1 | 4000 | 0 | |
| 3 | Муниципалдык ишкананын кызматкерлери болбогон учурда кудуктагы жумуштарды аткаруу | 1 | 1000 | 0 | Кудуктун ичиндеги приборлорду калыбына келтирүү менен |
| 4 | Өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн ичүүчү сууну өчүрүү | 1 | 150 | 0 | |
| 5 | Карызды төлөгөндөн кийин ичүүчү сууну туташтыруу | 1 | 200 | 200 | |
| 6 | Кудуктун бүтүндүгүн бузуу | 1 | 1000 | 0 | Кудукту калыбына келтирүү |
| 7 | Борбордук суу түтүгүн бузуу | 1 | 2000 | 0 | Калыбына келтирүүчү жумуштарды толук төлөө |
| 8 | Суу алуучу жана суу сактоочу кампалардын аймагына мал жаюу (шарттуу малдын башы менен) | 1 | 1000 | 0 | |
| 9 | Кудукту сугат суу менен каптатуу | 1 | 1000 | 0 | |
| 10 | Абоненттин күнөөсү менен счетчиктерди төндүрүү жана иштен чыгаруу | 1 | 1000 | 0 | Калыбына келтирүүчү жумуштарды жана материалдарды төлөө |

**Кызыл-Жар айылдык кеңешинин төрагасы _______________ Д. Зарипбеков**